КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ЧРЕЗВЫЧАЙНЫХ СИТУАЦИЙ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

2025 ж. "09" 10 №693 Бишкек ш.

**Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин 2024-жылдын 18-ноябрындагы № 1048 "Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрү тарабынан жеке жана юридикалык жактарга көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттерин бекитүү жөнүндө" буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө» Мыйзамына, 2018-жылдын 16-январындагы №26 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттерин иштеп чыгуу жана оптималдаштыруу тартиби жөнүндөгү Жобого, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы №304 "Мамлекеттик органдардын жана алардын ведомстволук мекемелеринин мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестрин бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин 2024-жылдын 18-ноябрындагы № 1048 "Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрү тарабынан жеке жана юридикалык жактарга көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттерин бекитүү жөнүндө" буйругуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

– жогоруда аталган буйрук менен бекитилген 1, 2, 4, 5, 6 – тиркемелер, ушул буйрукка тиркелген 1, 2, 4, 5, 6 - тиркемелерге ылайык жаңы редакцияда баяндалсын;

Б.Э. Ажикеев

– 1-пункт кийинки мазмундагы 20-пунктча менен толукталсын:

“20) 20 - тиркемеге ылайык, “Радиоактивдүү материалдарды, заттарды, калдыктарды сактоо, көмүү, ташуу (анын ичинде трансчек аралык).”.

2. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин калк жана массалык-маалымат каражаттары менен иштөө башкармалыгынын башчысы 3 жумушчу күндүн ичинде мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттерин Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин расмий веб-сайтында жарыялоону камсыз кылсын.

3. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүчү ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрүнүн башчылары:

1) мамлекеттик кызмат көрсөтүүдө администрациялык регламенттердин аткарылышын жана сакталышын камсыз кылсын;

2) мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү боюнча ишти уюштуруу, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү оптималдаштыруу жана көрсөтүү сапатын мындан ары жакшыртуу боюнча чараларды көрсүн;

3) мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттерин расмий веб-сайттарда жана маалымат такталарында жайгаштырууну камсыз кылсын.

4. Мамлекеттик кызматтарды талаптагыдай көрсөтүү үчүн жеке жоопкерчилик ведомстволук жана аймактык бөлүктөрдүн жетекчилерине жүктөлсүн.

5. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министринин биринчи орун басары А.М. Мамбетовго жүктөлсүн.

6. Буйрук тиешелүү тараптарга жеткирилсин.

**Министр**
**генерал–лейтенант** **Б.Э. Ажикеев**